ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын

№1 ПРОТОКОЛУ

30-август, 2022-жыл.

Төрага: У.А. Сопуев
Окумуштуу катчы: Н.А. Абдирайимова
Катышкандар: Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү – 35 мүчөсүнөн 27 мүчөсү бар.

Күн тартиби:
1. 2022-2023-окуу жылына карата математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин иш планын бекитүү (*Баяндамачы: МИТ факультетинин деканы, доцент У.А. Сопуев*);
2. 2022-2023-окуу жылына карата факультеттин структура жетекчилеринин иш пландарын бекитүү (*Баяндамачылар: структура жетекчилери*);
3. Ар түрдүү маселелер.

Угулду: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 7-15 минутага чейин жана 2-3-маселелер боюнча 5-8 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдоого алынды.

1-2-маселелер
Угулду:

Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент): 2022-2023-окуу жылына карата факультетибиздин бардык кафедраларынын жана структура башчыларынын иш пландары даярдалып, кафедралардын чечимдери менен бекитилген. Алардын негизинде Окумуштуулар кеңешинин иш планын түзүлдү. Бул иш план алдын ала кафедраларга таркатылган кошумча сунуш пикирлердин негизинде жасалды. Ал эми 2022-2023-окуу жылына карата бакалавр жана магистр программаларынын ББПсын тиешелүү кафедранын программа жетекчилери даярдашкан жана ББПсы бир нече жолуу талкуудан өткөн. Ошондуктан 2022-2023-окуу жылына карата иш пландарды жана жана бакалавр жана магистр программаларынын ББПсын бекитүүнү сунуштайм. Анда 2022-2023-окуу жылына карата математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин иш планын, структура жетекчилеринин иш пландарын жана бакалавр жана магистр программаларынын ББПсын бекитүүнү добушка коём.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдошту.

Биринчи маселе боюнча факультеттин деканы, доцент У.А. Сопуевдин маалымдоосун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар кеңеши **Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. 2022-2023-окуу жылына карата математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин иш планы жана факультеттин структура жетекчилеринин иш пландары жана бакалавр жана магистр программаларынын ББПсы бекитилсин;

2. Окуу жылынын ичинде кырдаалга жараша иш планга айрым өзгөрүүлөр декандын буйрутмасы менен киргизилсин.

3-маселе.

Ар түрдүү маселелер:

а) МИТ факултетинин КМИГД кафедрасынын башчысы, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Азимов Бектур Абдырахмановичти Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин “Билим берүүнүн отличниги” төш белгиси менен сыйлануусуга сунуштоо.

Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент): Урматтуу коллегалар, КМИГД кафедрасынын башчысы, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Азимов Бектур Абдырахмановичти Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин “Билим берүүнүн отличниги” төш белгиси менен сыйлануусуга сунуш келип түшкөн. Тиешелүү кафедрасынын чечичми бар. Б.А. Азимов 2020-жылдын 25-августунан тартып колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасын жетектеп келе жатат. Бул милдетти аркалаганга чейин деле факультетте көптөгөн алгылыктуу иштерди илимий-усулдук жаатында алып барган. 2007-2013-жылдары факультеттин тарбиялык иштери боюнча декандын орун басары болуп эмгектенген. ОшМУнун “Эң мыкты декандын орун басары-2012” номинациясынын ээси. Ал 2004-жылдан бери Ош мамлекеттик университетинде үзүрлүү иштеп, көптөгөн салымдарды кошуп келгендигине байланыштуу, ОшМУнун Ардак Грамоталары, Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ардак Грамотасы, КР Жогорку Кеңешинин Ардак Грамотасы менен сыйланган. Кафедранын чечимин бекитип берүү жөнүндөгү сунушту киргизем.

Г. Матишева. (алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору): Мен Бектур Азимовду 2004-жылдан бери билем. Ал кафедранын, факультеттин жана университеттин деңгээлинде өткөрүлүүчү коомдук иштерге активдүү катышып келет. Сабактарын жогорку деңгээлде жаңы технологияларды колдонуу менен өтөт. ОшМУнун профессордук-окутуучулук жамаатында жана студенттер арасында чоң кадыр-баркка ээ. Үзүрлүү ишмердүүлүгү үчүн бир нече алкыш жана ардак грамоталар менен сыйланган. Ошондуктан Б. Азимовдун кандидатурасын Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин “Билим берүүнүн отличниги” төш белгиси менен сыйлануу сунушун колдойм.

Т. Асылбеков (КМИГД кафедрасынын доценти,): Б. Азимов илимий-изилдөө иштери менен да үзүрлүү эмгектенип келе жатат, 2017-жылдын 20-октябрында профессор К.Алымкуловдун жетекчилиги астында «Алсыз өзгөчө чекитке ээ болгон бисингулярдуу козголгон дифференциалдык теңдемелердин чечимдеринин асимптотикасы» деген темада 01.01.02 – геометрия жана топология адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоду. 2020-жылы 510200 “Колдонмо математика жана информатика” магистрдик багытынын 510200 “Колдонмо

математика жана информатика” программаларын кафедра башчы катары аккредитациядан өтүүгө өздүк отчетту даярдоодо жумушчу топтун мүчөсү катары бир топ иштерди аткарып, ийгиликтүү аккредитациядан өтүшүнө салымын кошту. Мен дагы Бектур Азимовдун кандидатурасын Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин “Билим берүүнүн отличниги” төш белгиси менен сыйлануугa татыктуу деп эсептейм жана жалпы Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнөн бул сунушту колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошуп, төмөнкүдөй **ЧЕЧИМ** кылат:

1. МИТ факультетинин колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын башчысы, физика-математика илимдеринин кандидаты Азимов Бектур Абдырахмановичтин кандидатурасы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим “Билим берүүнүн отличниги” төш белгиси менен сыйлануугa сунушталсын;

2. Окумуштуулар кеңешинин чечими университеттин кадрлар башкармалыгына сунушталсын.

б) ОшМУнун жарчысынын Математика. Физика. Техника сериясына редактордук кызматка сунуштоо.

Угулду: У.А. Сопуев (факультеттин деканы, доцент): ОшМУнун жарчысынын Математика. Физика. Техника сериясына редактордук кызматка талапкерди сунуштоо маселеси каралып жатат. ИСП кафедрасынын профессору А. Сопуевди сунуштайлы деген чечимди киргизип жатам. Себеби, агай буга чейин да биздин багыт боюнча ОшМУнун жарчысынын редактору болуп, бир топ иштерди жасаган. Андан сырткары илимий чөйрөдө жогорку абройго ээ, бир топ аспиранттардын жана изденүүчүлөрдүн жетекчиси, илимий макалалардын жана патеттердин автору катары аны ОшМУнун жарчысынын Математика. Физика. Техника сериясына редактордук кызматка сунуштоого болот деген ойдомун. Сунуш, ой-пикирлериңиздерди айтсаныздар болот.

Талкуу: профессор А. Саипбекова, доценттер А. Аттокурова, Т. Папиева, Д. Кедейбаева, Б. Азимов, У. Молдояровдор да өз пикирлерин айтышып, ИСП кафедрасынын профессору А. Сопуевди ОшМУнун жарчысынын Математика. Физика. Техника сериясына редактордук кызматка татыктуу деп, сунуштарын айтышты.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошуп, төмөнкүдөй **ЧЕЧИМ** кылат:

1. ОшМУнун жарчысынын Математика. Физика. Техника сериясына редактордук кызматка ф.-м.и.д., профессор А. Сопуев сунушталсын;

2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин

төрагасы А.У. Сопуев

Окумуштуу катчы Н.А. Абдирайимова.